**Курамы**
Бир таблетканын курамында активдүү заттар:
лидокаин гидрохлориди - 1,0 мг,
хлоргексидин диглюконаты - 1,0 мг,
иротрицин - 0,5 мг.

**Кошумча заттар:**
Сорбитол, магний стеараты, жалбыз майы.

**Сүрөттөлүшү**
Таблеткалар ак түстө, тегерек формада, бети жалпак, жээги кыйшайган, диаметри (13,0 ± 0,2) мм жана бийиктиги (4,0 ± 0,2) мм.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
-ооз көңдөйүнүн жана жуткунчактын сезгенүү жана жугуштуу оорулары (стоматит, гингивит, пародонтит, глоссит, тонзиллит, фарингит жана жутуунун кыйындашы менен коштолгон башка абалдар);
-ооз көңдөйүндө жана жуткунчакта операциялык кийлигишүүдөн мурда жана кийин жугушту алдын алуу (тиш жулдуруу, тиш этине хирургиялык дарылоо, тонзиллэктомия).

**Колдонуу ыкмасы жана дозалары**
Трахисан - соруп ичилүүчү таблеткалар. Ар 2 саат сайын 1 таблеткадан кабыл алуу керек.
Чоңдор жана 12 жаштан жогору балдар үчүн суткалык доза - 8 таблетка,
6 жаштан 12 жашка чейинки балдар үчүн - 6 таблетка.
Оорунун белгилери бир нече күндөн кийин жоголот, бирок туруктуу дарылык таасирге жетүү үчүн терапияны дагы 2-3 күн улантуу сунушталат. Эгер препаратты колдонгондон кийин 5 күндүн ичинде абал жакшырбаса, дарылоо тактикасын өзгөртүү керек.

**Кыйыр таасирлери**
-даам сезүүнүн кыска мөөнөттүү өзгөрүшү, тилдин уюшу, кыска убакытта өзүнөн өзү жоголот;
-тиштердин, тиш пломбаларынын жана протездердин же тилдин сары же ачык күрөң түскө бир аз боёлушу, муну ооз көңдөйүнүн гигиенасы аркылуу жоюуга болот. Препаратты токтоткондон кийин боёлуу өзүнөн өзү жоголот.

**Каршы көрсөтмөлөр**
-препараттын кайсы бир курамдык бөлүгүнө жогорку сезимталдык;
-ооз көңдөйүнүн былжыр челинин жабыркашы (эрозия);
-ооз жана жуткунчак көңдөйүндөгү ачык жаралар;
-6 жашка чейинки балдар.

**Дары-дармектик өз ара аракеттенүүлөр**
Азыркы учурга чейин белгисиз.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Препаратты кант диабети менен жабыркаган бейтаптар колдонсо болот.

**Кош бойлуулук жана эмчек эмизүү мезгили**
Кош бойлуулук жана эмчек эмизүү мезгилинде препаратты колдонуу эненин күтүлгөн пайдасы түйүлдүккө же балага тийгизилиши мүмкүн болгон коркунучтан жогору болгондо гана мүмкүн.

**Дары каражатынын транспорт каражаттарын башкарууга же потенциалдуу кооптуу механизмдер менен иштөөгө таасири**
Таасир этпейт.

**Сактоо шарттары**
25 ºСтен жогору эмес температурада сактоо керек. Балдардын колу жетпеген жерде сактаңыз!

**Сактоо мөөнөтү**
3 жыл. Жарамдуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонбоңуз.

**Дарыканадан берилүү шарттары**
Рецептсиз берилет.